КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙГОРОДСКОЙКЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com

Shaar.kenesh@gmail.com

# Талас шаардык кеңешинин IX чакырылыштагы кезектеги XIII сессиясынын №105/13-9 ТОКТОМУ

**19-март, 2026-жыл** **Талас шаары**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын 2026-жылдын 2-февралындагы №54-т Тескемесинин 1-бөлүмүнүн 2-пунктуна ылайык, 180 000 000 (бир жүз сексен миллион) сом акча каражатына Талас шаары үчүн лизингке 30 (отуз) бирдик электр автобусун сатып алууга макулдук жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын 2026-жылдын 2-февралындагы №54-т тескемеси жана Талас шаарынын мэриясынын 10.03.2026-жылдагы №01-19/871 сандуу катынын негизинде, Талас шаардык кенешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча" туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Талас шаардык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын 2026-жылдын 2-февралындагы №54-т Тескемесинин 1-бөлүмүнүн 2-пунктуна ылайык бөлүнүп берилген 180 000 000 (бир жүз сексен миллион) сом акча каражатына Талас шаарына лизингке 30 (отуз) бирдик электр автобусун сатып алууга жана каралган суммасынын калган бөлүгүн лизинг аркылуу алууга макулдук берилсин.
2. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (Сариева А.Ж.) милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Талас шаардык кеңешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасына (Суйунтбеков А.О.) тапшырылсын.

**Төрага** **К.Джаныбеков**